***DOI:10.26104/NNTIK.2023.40.90.056***

*Шербаева Ж.Р.*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ОКУТУУДА ДИФФЕРЕНЦИЯЛАНГАН ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ ЫКМАЛАРЫ

*Шербаева Ж.Р.*

# МЕТОДЫ ПРИМЕНЕНИЯ ТЕХНОЛОГИЙ ДИФФЕРЕНЦИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

*Zh. Sherbaeva*

# TECHNIQUES FOR USING DIFFERENTIATED LEARNING TECHNOLOGIES IN PRIMARY SCHOOL

*УДК: 372.3.4*

*Бул макалада глобализация доорунда билим берүүдөгү башталгыч мектептин окуучуларынын жөндөмдүүлүктөрүн артыруу маселеси каралды. Анткени, башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрү, чыгармачыл жана күн сайын жазуу көндүмдөрүн калыптандырууда дифференцияланган окутуу технологиясын колдонуунун айрым маселелерине токтолуу менен сабактарды уюштуруу жолдорун көрсөттү. Ошону менен биргеликте окутуу процессинде дифференцияланган окутуу маселеси илимде канчалык деңгээлде каралгандыгы аныкталды. Демек теория менен практикада кандайча колдонулуп келгендигине басым жасалды. Башталгыч мектепте аталган технологияны колдонуу жолдору каралды. Автор жагымдуу сабакты жакшы өздөштүргөн окуучу менен эле чектелбестен жетише албай жаткан окуучуларга кандай тапшырмаларды берип, деңгээлин жогорулатса боло турган маселелерге токтолду. Андан сырткары окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын артырууда компьютердик технологиялардын жардамында түрдүү тиркемелерди пайдаланып сабактарды өтүү жолдору да каралды.*

***Негизги сөздөр:*** *глобализация, гумандаштыруу, билим берүү системасы, дифференциация, процесс, жөндөмдүүлүк, ой жүгүртүү, көндүм.*

*В данной статье расмотрены проблемы развития способностей учащихся начальной школы в эпоху глобализации. Автор остановился на отдельных вопросах использования технологии дифференцированного обучения в формировании навыков чтения, навыков творческого и повседневного письма у учащихся начальных классов и показал пути организации таких уроков. Также был определен уровень освещенности в науке проблемы дифференцированного обучения в образовании. То есть, основной упор сделан на то, как используется данный вид обучения в теории и на практике. Рассмотрены пути использования данной технологии в начальной школе. Автор остановился на вопросах повышения уровня знаний неуспевающих учеников путем использования различных видов заданий, и возможностях сделать урок привлекательным, не ограничиваясь работой с успевающими учениками. Помимо этого, расмотрены пути попышения интереса учащихся к уроку с помощью компьютерных технологий через применение различных приложений.*

***Ключевые слова:*** *глобализация, гуманизация, система образования, дифференциация, процесс, способность, медитация,умение.*

*This article analyzes the problems of developing the abilities of elementary school students in the era of globalization. The author discussed certain issues of using differentiated learning technology in the formation of reading skills, creative and everyday writing skills in primary school students and showed ways to organize such lessons. The level of coverage in science of the problem of differentiated learning in education was also determined. The main emphasis was made on how this type of instruction is used in theory and in practice. The ways of using this instruction in elementary school are considered. The author presents the issues of increasing the level of knowledge of underachieving students through the use of various types of tasks, and the possibilities to make the lesson interesting, not limited to working with successful students. In addition, the articles proposes the ways to increase students' interest in the lesson with the help of computer technology through the use of various applications.*

***Key words****: globalization, humanization, education system, differentiation, process, the ability, meditation, ability.*

**Киришүү.** Азыркы мезгилдеги глобалдашуу жана гумандаштыруу көйгөйү билим берүү системасын интенсивдештирүү, аны ата мекендик жана дүйнөлүк маданий фактылар жана реалдуулуктар менен байытуу, түшүнүктөрдү кабылдоодо ассоциацияларды туура колдонуу проблемаларын изилдөөчүлөрдүн жана мектеп мугалимдеринин алдына башкы маселе катары койду десек болот.

Ааламдашуу процесси абдан күч алып, инсандардын жөндөмдүүлүгү биринчи планга чыгуу менен келечек муундарга билим жана тарбия берүү ишмердүүлүгү жаңы багыттарды, эффективдүү жолдорду издейт. Билим берүү системасы, жаштардын коомдук өнүгүүгө ыңгайлашып, ар тараптуу билимге ээ болушун, алган билимдерин турмушта пайдалануусуна, жөндөмдүүлүгүнүн артышына, дүйнөлүк цивилизациядан, илим-билимден кана сугарылышына шарт жаратып жатат.

Ааламдашуу жараяны өтө тез өнүгүп, интернеттин, теле көрсөтүүнүн жана мобилдик байланыштын таасири менен коомчулуктун психологиясы өзгөчө, мурда болуп көрбөгөндөй чоң өзгөрүүлөргө багыт алды. Ал эми бул жагдайда көбүнчө, окуу-тарбия процессин жаңылоо, өзгөртүү күчөй баштады. Анткени мезгил талабы ушундай болуп жаткан учур.

Башталгыч мектеп өз окуучуларын турмушка, өзгөрүүлөргө даярдоого, аларда мобилдүүлүк жана

иштиктүүлүк сыяктуу сапаттарды өнүктүрүүгө тийиш болуп калды. Мындай даярдоо айрым билимдерди өздөштүрүүнүн эсебинен камсыз кылуу мүмкүн эмес экендигин убакыт, мезгилдик өзгөрүүлөр көрсөттү. Учурдагы этаптын негизгиси: тандоо жасоо, ресурстарды натыйжалуу пайдалануу, теорияны практика менен айкалыштыруу, салыштыруу жөндөмдөрүн иштеп чыгуу жана өзгөрүлмөлүү коомдо жашоо үчүн зарыл болгон бир топ башка жөндөмдөр талап кылынат.

Билим берүү стандарттарын жаңылоо менен окуучунун жөндөмдүүлүктөрүн күчөтүү жана аларды дүйнөлөшүүгө туруштук бере ала турган кесипкөйлүккө даярдоо милдеттери да алдыга коюлду. Аталган милдеттерди иш жүзүнө ашырууда башталгыч мектепке эң башкы жүктү көтөрүү талабы пайда болду.

Анткени балдардын инсандык өнүгүүсүнүн жана калыптанышынын маанилүү этабы болуп башталгыч мектеп болуп саналат. Мектеп ар кандай өнүгүү деңгээлиндеги балдарды окутат. Бирок, ар бир окуучуга жекече окуу планын сунуштай албагандыктан, мугалимдер жеке психологиялык жана интеллектуалдык эске алуу менен инсандык өнүгүүнү камсыз кыла турган окуу моделин издешет.

Башталгыч класстарда окуу процессинин ийгилиги көптөгөн факторлорго көз каранды, алардын арасында баланын жөндөмдүүлүгүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша окутуу маанилүү роль ойнойт, тагыраак айтканда, дифференцияланган окутууну пайдалануу зарылчылыгы келип чыгат. Мына ушундай зарылчылыкты жөнгө салуу жана башталгыч класстардын мугалимдеринин кесиптик чеберчилигин жогорулатууда USAID эл аралык уюму тарабынан иштелип чыккан «Окуу керемет!» долбоорунун 1-2-модулдарында башталгыч мектепте дифференциялык жана интеграциялык окутуу республикалык деңгээлде колго алынды. Аталган долбоор өлкөнүн бардык аймактарындагы мектептердин башталгыч класстардын окуучуларынын окуу жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча бир топ алгылыктуу иштерди аткарууда. Долбоордун алкагында усулдук колдоого муктаж болгон мугалимдер көптөгөн стратегияларды, окутуу усулдарын үйрөнүп, мектеп турмушунда практикалап, өлкөдөгү билим сапатын көтөрүүдө эбегейсиз салым кошуп жатышат. Долбоор тарабынан мектептердин китепканаларына ар түрдүү тематикадагы классификацияланган китептер келип, учурда бул китептер мектеп окуучуларынын арасында чоң суроо талап менен колдонулуп жатат. Мындан тышкары сабакты уюштуруу, сабактын мазмунуна өзгөртүүлөрдү киргизүү, мектеп китепканачысы өткөрө турган иш-чаралар боюнча таркатмалар берилип, мектептерде ата-энелер, балдар, мугалимдер менен биргеликте натыйжалуу иш-аракеттерди камсыздап келүүдө.

**Негизги натыйжалар жана аларды талкуулоо.** Дифференциация (фран., лат. differentia – айырмалуулук, ажыратуучулук) – өнүгүп-өсүүдөгү бүтүндүктү бөлүктөргө, баскычтарга, деңгээлдерге ажыратуу, бөлүү менен байланышкан өсүү процесси дегенди билдирет [1].

Окутууда дифференцияланган мамиле түшүнүгү биринчи жолу XX кылымдын башында чет өлкөлөрдө пайда болгон. Анын негиздөөчүлөрү гуманисттик психология багытынын өкүлдөрү К.Роджерс, Маслоу, Р. Мэй ж.б. эсептелет.

Россияда эң интенсивдүү өнүгүү XX кылымдын 80-жылдарында башталган. Мудрик А.В., Кон И.С. ж.б. тарбияны субъекттик мамиленин субъектиси катары чечмелөөгө байланыштуу дифференцияланган билим берүүнүн моделин иштеп чыгышкан.

Азыркы учурда бир катар окумуштуулар (Н.А. Алексеев, Е.В. Бондаревская, И.Д. Демакова, Е.В. Куканова ж.б.) окутууда дифференцияланган мамиленин концепцияларын, моделдерин, технологияларын изилдешкен жана иштеп чыгышат. Дифференцияланган мамиле идеясы бүгүнкү күндө илимде билимдин ар кандай чөйрөлөрүндө ар башкача каралат.

Дифференцияланган окутуу деп, окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу шарттарындагы окутууну түшүнөбүз. Жалпы билим берүүчү мектептерде бардык окуучулар бирдиктүү окуу пландары, окуу программалары, окуу китептери менен окутулат. Бирок алардын тубаса жөндөмдүүлүктөрү, кызыкчылыктары, өсүү деңгээли, ар башка. Башталгыч класстарда алардын мындай айырмачылыктары анча кескин түрдө байкалбаса да, улам барган сайын байкалып, айырмалай баштайт.

Окутуу процесси канчалык жакшы жүргүзүлсө дагы, ал класстагы бардык окуучулардын алга жылышынын бирдей темпин камсыз кыла албайт. Окуучулардын акыл-эс иш-аракеттеринин ыкмаларын өздөштүрүүнүн натыйжалуулугу сапатына гана эмес, балдардын жеке өзгөчөлүктөрүнө, алардын окуу жөндөмүнө жараша болот.

Дифференцияланган окутуу боюнча белгилүү совет психологу Л.С. Выготскийдин социомаданий теориясында негиздеген. Анын пикиринде, окутуу процессинде ар бир баланын индивидуалдуулугун, инсандыгын эске алуу керек, ошондуктан билимдерди өздөштүрүү, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу ар бир конкреттүү окуучудан көз каранды болот. Анда коомдун инсандын өнүгүшүнө кошкон маанилүү салымы каралат. Бул теория адамдардын өнүгүүсү менен алар жашаган маданияттын өз ара аракеттешүүсүн баса белгилейт. Бул адамдын билим алуусу – социалдык процесс экендиги тууралуу айтат [2].

Дифференцияланган окутуунун өзгөчөлүктөрү

дифференцияланган окутуу окуучуларды критерийлердин бири боюнча топторго бөлүүнү камтыйт:

- интеллектуалдык өнүгүү деңгээли боюнча;
- ой жүгүртүүнүн түрү боюнча;
- темперамент боюнча;
- кызыкчылыктар жана каалоолор боюнча.

Жүргүзүлгөн диагностиканын натыйжасында топтор түзүлөт. Мисалы, психикалык өнүгүү деңгээли боюнча дифференциациялоодо окуучулар төмөнкүдөй топтоштурулат:

1. Когнитивдик активдүүлүгү жогору окуучулар.

Алар чыгармачыл ой жүгүртүү, туруктуу көңүл буруу, жакшы иштөө менен мүнөздөлөт. Бул окуучулар маалыматты өз алдынча талдоо жана жалпылоо жөндөмүнө ээ.

2. Орточо окуу жөндөмдүүлүгү бар окуучулар.

Аналитикалык ой жүгүртүүнүн деңгээли төмөн болгондуктан, чыгармачыл жалпылоого жөндөмдүү эмес, алар үчүн бир нече жолу кайталоо маанилүү. Колдоо схемалар боюнча мугалим жардамы менен материалды иштеп чыгуу.

3. Окуу активдүүлүгү төмөн окуучулар.

Аларда мотивациянын жоктугу менен айырмаланат. Мугалимдин жеке мамилесин талап кылат. Мындай окуучулар үчүн кошумча тапшырмалар жана көрсөтмөлөр керек. Бул технология ар кандай деңгээлдеги окуучулар үчүн билим берүүнүн мазмунун айырмалоого мүмкүндүк берет. Бир программанын ичиндеги бир окуу материалы ар кандай деңгээлде үйрөнүлөт. Ар кандай топтордун иш-аракеттери үчүн натыйжалуу иш ыкмалары жана түрлөрү тандалып алынган. Класста ишинин жетектөөчү түрлөрү-топтук жана жеке болуп бөлүнөт. Окуучунун белгилүү бир деңгээлдеги топко шарттуу түрдө киргизүү. Өзү тандаган окуучу бир топтон чыгып, экинчисине кошула алат [3]. Ар түрдүү деңгээлдеги окуучулар үчүн «Бекеттер менен орун алмашуу», «Адабий ийримдер» стратегияларын колдонуп сабак өтүү билим берүүнүн натыйжасын жогорулатып, мугалимдин ишине бир топ артыкчылыктарды берет.

Сабакта окуучулардын өз алдынча иштөөсүн камсыз кылып жекелештирүүнүн мындай формаларынын баалуулугу – бул учурда мугалим тигил же бул окуучунун даярдыгынын деңгээлин атап көрсөтпөйт, ар бир окуучу тапшырманы өз эркинче тандап алат. Бирок, бул үчүн ар бир окуучу өзүнүн окуу мүмкүнчүлүгүн сунуш кылынуучу жумуштун татаалдыгына ылайыктай билүүсү зарыл.

Окутууну дифференцирлөө максатында даярдыктары төмөн болгон окуучулар үчүн жалпы материалды кайталап түшүндүрүү төмөнкү аракеттерди колдонуу сунушталат:

- жооптордун даяр планын берип коюу;
- жооп берүүнүн үйдөн түзүп келген планынан пайдаланууга уруксат берүү;
- жооп берүү үчүн даярданууга убакытты көбүрөөк берүү;
- жооп берүүдөн мурда алдын ала жазып алууга, көрсөтмө куралдардан пайдаланууга уруксат берүү;
- материалды удаалаштыкта айтууга жардам бергидей кошумча суроолорду берүү;
- материалдын өзгөчө окуучу катышпай калган сабактардагы темалар боюнча өздөштүрүлүшүн мезгилдүү сурап, текшерип туруу.

***Окуучуларга жаңы материалды өздөштүрүүдө дифференциялуу мамиле жасоо жолдору:***

- начар окуган окуучулардын көңүлүн теманын эң маанилүү жана татаал суроолоруна буруу;
- мындай окуучулардын материалды кандай түшүнүшкөнүн аныктоочу суроолорду берүү;
- начар окуган окуучуларды класста тажрыйбалар жасоодо, окутуунун техникалык каражаттарынан пайдаланууда, сабакка керектүү жабдууларды даярдоодо ассистенттерди пайдалануу.

**Корутунду.** Окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын жогорулатууда «Окуу керемет!» долбоорунда сунушталган ыкмаларды колдонуу менен окуу көндүмдөрүн калыптандырууга да болот. Окуучулардын окуу жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө дифференцияланган окутуунун «Бекеттер менен орун алмашуу», «Адабий ийримдер» стратегияларын ийгиликтүү колдонуу менен класс ичинде ар түрдүү деңгээлдеги окуучулардын кызыгуусун, жөндөмүн, окуу натыйжаларын өзгөртүүгө боло тургандыгын практика көрсөттү. Буга мектептерге барып, мугалимдердин сабагына байкоо жүргүзүүдө алгачкы барганга караганда улам кийинки визиттерде өтүлгөн сабактардын сапаты жогорулап, бийик деңгээлине жеткенине күбө болдук. Андан сырткары мугалим түрдүү текстер менен иштөөдө дидактикалык оюндар катары «Синонимдерди табуу» көнүгүүсүн окуучуларга өздөрү аткаруусун суранып аткартса да болот. Жалпысынан алганда, «Дифференцияланган окутуу технологиясы» окуучуда төмөнкү жөндөмдүүлүктөрүн артырат:

- окуучунун өз жөндөмүнө, келечегине болгон ишенимин;
- окуучу менен мугалимдин ортосундагы кызматташтык;
- окуучунун өз билимин өз алдынча баалай билүүсү;
- билимди бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Жогорудагы белгилеп өткөн маселелерди өз практикамда, т.а. педагогикалык багытта билим алып жаткан «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу», «Мектепке чейинки билим берүү», «Математика», «Информатика» жана «Тарых» адистиктерде окуп жаткан студенттерге колдонуп өтүү

менен кесипкөйлүгүн арттырууда көмөктөшүүдөбүз.

Төмөнкү QR код генераторунун жардамы менен тексттердеги берилген дидактикалык оюндарга кирип аткара аласыздар.

**Адабияттар:**


1. 1-2-модуль Башталгыч мектепте дифференциациялык жана интеграциялык окутуу. – Бишкек, 2021. – 20 б.
2. Выготский Л.С. Психология развития ребенка. - М: Изд-во «Эксмо», 2004. - 512 с.
3. Выготский Л.С. Проблемы детской (восрастной) психологии // Выготский Л.С. Собр.соч.: В 6 т. Т.4. - М.: Педагогика, 1984. - С. 264.
4. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%94%D0%B8%D1%84%D1%84%D0%B5%D1%80%D0%B5%D0%BD%D1%86%D0%B8%D0%B0%D1%86%D0%B8%D1%8F
5. https://aujc.ru/texnologiya-differencirovannogo-obucheniya/
6. Шербаева Ж.Р. Воздействие педагогического взаимоотношения на формирование учебной деятельности учащихся младших классов. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 4. С. 114-118.